**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ** | **ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2020-жылдын 13-ноябры, № 550

**Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесин түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын жарандарынын иш менен камсыз болуусун, ишканаларынын өндүрүмдүүлүгүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле 2017-жылдын 13-декабрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Гранттык макулдашууга (№ 0552-KGZ-(SF) ылайык кабыл алынган милдеттенмелерди аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемеси түзүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесинин уставы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги белгиленген тартипте ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 6-апрелиндеги № 197 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруучу бийликтин мамлекеттик органдарынын карамагындагы мекемелерде иштеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пунктунун экинчи абзацындагы "$23^3$" деген цифралар "$23^4$" деген цифралар менен алмаштырылсын;

2) ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакциядагы $23^4$- тиркеме менен толукталсын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ** | **ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 13 ноября 2020 года № 550

**О создании учреждения «Фонд развития навыков» при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики**

В целях повышения занятости граждан, производительности и конкурентоспособности предприятий Кыргызской Республики, а также исполнения обязательств, принятых согласно Грантовому соглашению между Правительством Кыргызской Республики и Азиатским Банком Развития (№ 0552-KGZ-(SF) от 13 декабря 2017 года, в соответствии со статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики» Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Создать учреждение «Фонд развития навыков» при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики.

2. Утвердить Устав учреждения «Фонд развития навыков» при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики согласно приложению 1.

3. Министерству труда и социального развития Кыргызской Республики в установленном порядке принять необходимые меры, вытекающие из настоящего постановления.

4. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «Об условиях оплаты труда работников, не относящихся к категории государственных служащих и занятых в государственных учреждениях, включая учреждения, подведомственные государственным органам исполнительной власти» от 6 апреля 2015 года № 197 следующие изменения:

1) в абзаце втором пункта 1 цифры «$23^3$» заменить цифрами «$23^4$»;

2) дополнить приложением $23^4$ в редакции согласно приложению 2 к настоящему постановлению.

5. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «О вопросах Министерства труда и социального развития Кыргызской Республики» от 28 декабря 2015 года № 888 следующее изменение:

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 28-декабрындагы № 888 "Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин башкаруу схемасы төмөнкүдөй мазмундагы позиция менен толукталсын:

"

| Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемеси |
| --- |

".

6. Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармасы Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесинин иштөөсү үчүн коммуналдык жана эксплуатациялык чыгымдарды төлөө шарттарында жай берсин.

7. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесинин ишин каржылоону тиешелүү жылга карата бекитилген каражаттардын чегинде жүргүзсүн.

8. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

9. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Премьер-министр** **С.Н.Жапаров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АППАРАТЫ АППАРАТ ПРАВИТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КАНЦЕЛЯРИЯСЫ №1 КАНЦЕЛЯРИЯ

- схему управления Министерства труда и социального развития Кыргызской Республики, утвержденную вышеуказанным постановлением, дополнить позицией следующего содержания:

«

| Учреждение «Фонд развития навыков» при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики |
| --- |

».

6. Управлению делами Президента и Правительства Кыргызской Республики предоставить помещение для функционирования учреждения «Фонд развития навыков» при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики на условиях оплаты коммунальных и эксплуатационных затрат.

7. Министерству труда и социального развития Кыргызской Республики произвести финансирование деятельности учреждения «Фонд развития навыков» при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики в пределах утвержденных средств на соответствующий год.

8. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи рабочих дней со дня официального опубликования.

9. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на отдел социального развития Аппарата Правительства Кыргызской Республики.

**Премьер-министр** **С.Н.Жапаров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АППАРАТЫ АППАРАТ ПРАВИТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КАНЦЕЛЯРИЯСЫ №1 КАНЦЕЛЯРИЯ

1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын**
**Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесинин уставы**

1. Жалпы жоболор
2. Фонддун милдеттери, функциялары жана иши
3. Фонддун мүлкү жана каражаттары
4. Фонддун укуктары жана милдеттери
5. Фондду башкаруу органдары
6. Байкоочу кеңеш
7. Тандоо комитети
8. Аткаруучу директор
9. Фонддун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби
10. Фондду кайра уюштуруу жана жоюу

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемеси (мындан ары – Фонд) мекеме укуктук формасындагы коммерциялык эмес уюм болуп саналат, юридикалык жак статусуна ээ. Фонд юридикалык жак статусуна, ошондой эле мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып өз ишин жүзөгө ашыруу боюнча укуктарга жана милдеттерге ээ болот жана сотто доогер жана жоопкер катары чыга алат.

2. Фонддун негизги максаты экономиканын тармактарын иш берүүчүлөрдүн заказдарына ылайык окутулган жана жеке изденүүчүлөрдүн арасынан, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды (ДМЧА) жана башка калктын социалдык жактан аялуу катмарын кошкондо квалификациялуу суроо-талапка ээ кадрлар менен камсыздоо боюнча эмгек рыногунун муктаждыктарына туруктуу жана ыкчам чара көрүүнү колдоо болуп саналат.

3. Фонддун уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү саналат.

4. Фонд өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын билим берүү, эмгек жана калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын, ушул Уставды, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдерди жетекчиликке алат. Фонд чектелбеген мөөнөткө түзүлөт.

5. Фонддун иш кагаздары кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт. Жумушчу тилдер болуп кыргыз, орус тилдери саналат.

6. Фонддун толук расмий аталышы:

Приложение 1

**Устав**
**учреждения «Фонд развития навыков при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики»**

1. Общие положения
2. Задачи, функции и деятельность Фонда
3. Имущество и средства Фонда
4. Права и обязанности Фонда
5. Органы управления Фонда
6. Наблюдательный совет
7. Отборочный комитет
8. Исполнительный директор
9. Порядок внесения изменений в Устав Фонда
10. Реорганизация и ликвидация Фонда

## 1. Общие положения

1. Учреждение «Фонд развития навыков» при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики (далее - Фонд), является некоммерческой организацией в правовой форме учреждения, обладает статусом юридического лица. Фонд приобретает статус юридического лица, а также права и обязанности по осуществлению своей деятельности с момента его государственной регистрации и может выступать в качестве истца и ответчика в суде.

2. Основной целью Фонда является поддержка устойчивого и оперативного реагирования на потребности рынка труда в обеспечении отраслей экономики квалифицированными востребованными кадрами, обученными под заказ работодателей и из числа индивидуальных соискателей, включая лиц с ограниченными возможностями здоровья (ЛОВЗ) и других социально уязвимых слоев населения.

3. Учредителем Фонда является Правительство Кыргызской Республики.

4. В своей деятельности Фонд руководствуется Конституцией Кыргызской Республики, нормативными правовыми актами Кыргызской Республики в сфере образования, труда и занятости населения, настоящим Уставом, а также вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика. Фонд создается на неограниченный срок.

5. Делопроизводство Фонда осуществляется на кыргызском и русском языках. Рабочими языками являются: кыргызский, русский.

6. Полное официальное наименование Фонда:

1) мамлекеттик тилде: Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемеси;

2) расмий тилде: учреждение "Фонд развития навыков" при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики.

Фонддун кыскартылган аталышы:

1) кыргыз тилинде: КӨФ;

2) орус тилинде: ФРН.

7. Фонддун жайгашкан жери: Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Манас проспекти-22.

8. Фонд өзүнүн функцияларын аткарууда төмөнкүдөй принциптерди бекем сактайт: калыстык, объективдүүлүк, чынчылдык, ачык-айкындуулук, ишке тартуу, өнөктөштүк, натыйжалуулук жана социалдык аң-сезимдүүлүк.

## 2. Фонддун милдеттери, функциялары жана иши

9. Фонддун милдети иш берүүчүлөрдүн жана калктын муктаждыктарына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгек рыногундагы заманбап тенденцияларды эске алуу менен суроо-талапка ээ адистиктер боюнча квалификациялуу адистерди даярдоону (кайра даярдоону) уюштуруу болуп саналат.

Фонд буга төмөнкүлөр аркылуу жетишет:

1) социалдык мобилизациялоону, окуу жайлары жана буга кызыкдар башка тараптар менен биргелешип пландоону жана биргелешкен аракеттерди күчөтүү үчүн окутуу, маалыматтык жардам жана потенциалды өнүктүрүүнүн башка формаларын көрсөтүү;

2) Кыргыз Республикасынын окуу жайлары менен иш берүүчүлөрүнүн ортосундагы өз ара аракеттенүүнү күчөтүү;

3) билим берүү чөйрөсүндө жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте консалтингдик жана эксперттик кызматтарды көрсөтүү;

4) өлкөнүн жарандарына кесип тандоо жана ар түрдүү кесиптик курстарды издөө маселелери боюнча маалыматтык жана консультациялык кызматтарды жана башка жардам көрсөтүү.

## 3. Фонддун мүлкү жана каражаттары

10. Фонддун мүлкү жана каражаттары төмөнкүлөрдүн эсебинен түзүлөт:

1) Фондго берилген мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын;

2) гранттар, кредиттер аркылуу келип түшүүчү каражаттардын;

3) Кыргыз Республикасынын юридикалык жактарынын жана донорлордун, ошондой эле айрым жарандардын ыктыярдуу которууларынын;

4) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен тыюу



1) на государственном языке: Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы «Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду» мекемеси;

2) на официальном языке: учреждение «Фонд развития навыков» при Министерстве труда и социального развития Кыргызской Республики.

Сокращенное наименование Фонда:

1) на кыргызском языке: КӨФ;

2) на русском языке: ФРН.

7. Местонахождение Фонда: Кыргызская Республика, город Бишкек, проспект Манаса-22.

8. При выполнении своих функций Фонд строго придерживается следующих принципов: беспристрастности, объективности, честности, прозрачности, вовлечения, партнерства, эффективности, и социальной сознательности.

## 2. Задачи, функции и деятельность Фонда

9. Задачей Фонда является организация подготовки (переподготовки) квалифицированных специалистов по востребованным специальностям, в соответствии с потребностями работодателей и населения, а также с учетом современных тенденций на рынке труда Кыргызской Республики.

Фонд достигает этого посредством:

1) предоставления обучения, информационной помощи и других форм развития потенциала для усиления социальной мобилизации, совместного планирования и совместных действий с учебными заведениями и иными заинтересованными в этом сторонами;

2) усиления взаимодействия между учебными заведениями и работодателями Кыргызской Республики;

3) оказания консалтинговых и экспертных услуг в сфере образования, и в порядке, установленными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики;

4) оказания информационных и консультационных услуг по вопросам выбора профессий и поиска различных профессиональных курсов и иную помощь гражданам страны.

## 3. Имущество и средства Фонда

10. Имущество и средства Фонда образуются за счет:

1) средств государственного бюджета, переданных Фонду;

2) средств, поступающих посредством грантов, кредитов;

3) добровольных перечислений юридических лиц Кыргызской Республики и доноров, а также отдельных граждан;

4) иных источников, не запрещенных действующим законодательством Кыргызской Республики.

11. Фонд имеет право оперативного управления своим имуществом.

салынбаган башка булактардан.

11. Фонд өз мүлкүн ыкчам башкарууга укуктуу. Фонд Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 231-беренесине ылайык мүлкко ээлик кылат, пайдаланат жана аны тескейт. Фонддун ресурстары өз милдеттенмелерин жабуу үчүн жетишсиз болгон учурда милдеттенмелер боюнча жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

12. Фонддун каражаттары бекитилген бюджетке ылайык пайдаланылат.

13. Фонддун финансылык жана операциялык жылы жыл сайын 1-январда башталат жана 31-декабрда аяктайт. Жылына бир жолу финансылык/операциялык жыл аяктаганда Фонд өзүнүн финансылык ресурстарына жана ишине аудит жүргүзөт.

## 4. Фонддун укуктары жана милдеттери

14. Фонд төмөнкүлөргө укуктуу:

1) өз алдынча балансқа, өзүнүн толук аталышы менен тегерек мөөргө жана бурчтуу штампка, банкта алыш-бериш жана башка эсептерге ээ болууга;

2) сотто доогер жана жоопкер болууга;

3) чарба субъекттери, жарандар жана башка юридикалык жана жеке жактар менен жарандык-укуктук келишимдердин бардык түрлөрүн түзүүгө;

4) негизги каражаттарды сатып алууга;

5) документтерди жана башка техникалык маалыматтарды алууга жана ээлик кылуу, пайдалануу укугун берүүгө;

6) кызматкерлерди кабыл алууга жана бошотууга, эмгек мыйзамдарына ылайык алардын укуктарын жана милдеттерин аныктоого.

Фонд ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына каршы келбеген башка укуктарды да ишке ашыра алат.

15. Фонд төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) өз ишинде билим берүү, эмгек, калкты иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын жана анын ишинин башка чөйрөлөрүн да регламенттоочу башка ченемдик укуктук актыларды, ушул Уставды жетекчиликке алууга. Ошондой эле Фонд Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин буйруктары менен бекитилүүчү ички Жобону, Фонддун Операциялык колдонмосун жана Фонддун ишине байланышкан башка документтерди жетекчиликке алат;

2) Фонд катышкан кол коюлган макулдашуулар жана келишимдер боюнча милдеттенмелерди сактоого.



Фонд владеет имуществом, использует и распоряжается им в соответствии со статьей 231 Гражданского кодекса Кыргызской Республики. При недостаточности ресурсов Фонда для покрытия своих обязательств, ответственность по обязательствам осуществляется в соответствии с действующими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

12. Средства Фонда используются в соответствии с утвержденным бюджетом.

13. Финансовый и операционный год Фонда начинается 1 января и заканчивается 31 декабря каждого года. Один раз в год, по окончании финансового/операционного года, Фонд проводит аудит своих финансовых ресурсов и деятельности.

## 4. Права и обязанности Фонда

14. Фонд имеет право:

1) иметь самостоятельный баланс, круглую печать и угловой штамп со своим полным наименованием, расчетный и иные счета в банке;

2) быть истцом и ответчиком в суде;

3) заключать все виды гражданско-правовых договоров с хозяйствующими субъектами, с гражданами и с другими юридическими и физическими лицами;

4) приобретать основные средства;

5) приобретать и предоставлять права на владение и использование документов и другой технической информации;

6) принимать и увольнять сотрудников, определять в соответствии с трудовым законодательством их права и обязанности;

Фонд может осуществлять также и другие права, не противоречащие действующим нормативным правовым актам Кыргызской Республики.

15. Фонд обязан:

1) руководствоваться в своей деятельности нормативными правовыми актами Кыргызской Республики в сфере образования, труда, занятости населения и иными нормативными правовыми актами, регламентирующие и иные сферы его деятельности, настоящим Уставом. Также Фонд руководствуется внутренним Положением и Операционным руководством Фонда, утверждаемым приказами Министерства труда и социального развития Кыргызской Республики и другими документами, связанными с деятельностью Фонда;

2) соблюдать обязательства по подписанным соглашениям и договорам, участником которых является Фонд.

## 5. Органы управления Фонда

16. Органы управления Фондом:

1) Учредителем является Правительство Кыргызской Республики;

2) высшим органом управления является Наблюдательный совет

## 5. Фондду башкаруу органдары

16. Фондду башкаруу органдары:

1) Уюштуруучусу болуп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эсептелет;

2) жогорку башкаруу органы болуп Фонддун Байкоочу кеңеши саналат;

3) жумушчу орган болуп Фонддун Тандоо комитети эсептелет;

4) башкаруунун аткаруучу органы болуп аткаруучу директор жетектей турган Фонддун Катчылыгы эсептелет, ага Фонддун аймактык кызматкерлери да отчет берет.

## 6. Байкоочу кеңеш

17. Фонддун Байкоочу кеңешинин курамына Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын өкүлдөрү, ошондой эле иш берүүчүлөрдүн атынан катталган уюмдун өкүлү кирет.

18. Байкоочу кеңеш төмөнкү мүчөлөрдөн турат:

1) Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министринин орун басары (аталган маселени тейлөөчү – Фонддун Байкоочу кеңешинин төрагасы);

2) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары (макулдашуу боюнча);

3) Кыргыз Республикасынын Экономика министринин орун басары (макулдашуу боюнча);

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын төрагасынын орун басары (макулдашуу боюнча);

5) Кыргыз Республикасынын Инвестицияларды илгерилетүү жана коргоо боюнча агенттигинин директорунун орун басары (макулдашуу боюнча);

6) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Кесиптик башталгыч билим берүү агенттигинин директорунун орун басары (макулдашуу боюнча);

7) Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын вице-президенти (макулдашуу боюнча).

19. Байкоочу кеңеш:

1) ушул Уставга, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана Фонддун ишине тиешелүү болгон юридикалык документтерге ылайык Фонддун ишине багыт берет жана контролдойт;

2) Фонддун жумушчу пландарын жана бюджетин, аларга карата өзгөртүүлөрдү, Фонддун жылдык отчетторун, атайын изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча отчетторду бекитет.

20. Байкоочу кеңештин Фонддун операциялык ишине кийлигишүүгө укугу жок. Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн Фонддун атынан иш алып барууга укугу жок. Байкоочу кеңештин мүчөлөрү Фондго карата



Фонда;

3) рабочим органом является Отборочный комитет Фонда;

4) исполнительным органом управления является Секретариат Фонда, возглавляемый исполнительным директором, которому также подотчетны и региональные сотрудники Фонда.

## 6. Наблюдательный совет

17. В состав Наблюдательного совета Фонда входят представители государственных органов Кыргызской Республики, а также представитель от работодателей в лице зарегистрированной организации.

18. Наблюдательный совет состоит из следующих членов:

1) заместителя министра труда и социального развития Кыргызской Республики (курирующего данный вопрос – Председатель Наблюдательного совета Фонда);

2) заместителя министра образования и науки Кыргызской Республики (по согласованию);

3) заместителя министра экономики Кыргызской Республики (по согласованию);

4) заместителя председателя Государственной службы миграции при Правительстве Кыргызской (по согласованию);

5) заместителя директора Агентства по продвижению и защите инвестиций Кыргызской Республики (по согласованию);

6) заместителя директора Агентства начального профессионального образования при Министерстве образования и науки Кыргызской Республики (по согласованию);

7) вице-президента Торгово-промышленной палаты Кыргызской Республики (по согласованию).

19. Наблюдательный совет:

1) направляет и контролирует деятельность Фонда в соответствии с настоящим Уставом, нормативными правовыми актами Кыргызской Республики и юридическими документами, касающимися деятельности Фонда;

2) утверждает рабочие планы Фонда и бюджет, изменения к ним, годовые отчеты Фонда, отчеты по результатам специальных исследований.

20. Наблюдательный совет не вправе вмешиваться в операционную деятельность Фонда. Члены Наблюдательного совета не вправе действовать от имени Фонда. Члены Наблюдательного совета должны сохранять лояльность по отношению к Фонду, они не могут выполнять какие-либо действия, противоречащие настоящему Уставу, или способные нанести ущерб материальным и нематериальным интересам Фонда.

21. Первое заседание Наблюдательного совета Фонда организуется в течение месяца после его создания.

22. На первом организационном заседании избирается заместитель председателя Наблюдательного совета, который в последующем раз в два

лоялдуулукту сактоого милдеттүү, алар ушул Уставга каршы келген же Фонддун материалдык жана материалдык эмес кызыкчылыктарына зыян келтириши мүмкүн болгон кандайдыр бир аракеттерди жасай албайт.

21. Фонддун Байкоочу кеңешинин биринчи жыйыны ал түзүлгөндөн кийин бир айдын ичинде өткөрүлөт.

22. Биринчи уюштуруучулук жыйында Байкоочу кеңештин төрагасынын орун басары шайланат, ал кийин эки жылда бир жолу Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн арасынан катышкан жана добуш берген кеңештин мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кайрадан шайланат.

23. Байкоочу кеңештин мүчөлөрү Байкоочу кеңештин мүчөсү катары өз ишин жүргүзгөндүгү үчүн Фонддон эмгек акы, гонорарларды же башка компенсацияны алышпайт, ошондой эле Байкоочу кеңеште өз ишин жүргүзгөндүгү үчүн башка бардык булактардан айлык акы, гонорарларды же башка компенсацияны алууга укугу жок.

24. Фонддун Байкоочу кеңеши өз ишин ушул Уставдын негизинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы ченемдик укуктук актыларына жана Фонддун ишине тиешелүү болгон юридикалык документтерге ылайык жүргүзөт.

25. Байкоочу кеңештин жыйындары зарылчылыкка жараша, бирок жарым жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Байкоочу кеңештин жыйындарында төрага же ал жок болсо, орун басары төрагалык кылат. Фонддун Байкоочу кеңешинин жыйындарында Катчы болуп Фонддун аткаруучу директору саналат. Атайын жыйындар төмөнкүлөрдүн сурамдары боюнча чакырылышы мүмкүн:

1) Байкоочу кеңештин төрагасынын;
2) Фонддун аткаруучу директорунун;
3) Байкоочу кеңештин эки мүчөсүнүн.

Байкоочу кеңештин бардык мүчөлөрүнүн 50%нан көбү катышкан учурда кворум бар деп эсептелет. Эгерде ушул Уставда башка каралбаса, Фонддун Байкоочу кеңешинин чечимдери катышкан мүчөлөрдүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуш берүүнүн жүрүшүндө добуштар бирдей болгон учурда төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

26. Фонддун Байкоочу кеңешинин бардык мүчөлөрү Байкоочу кеңештин ар бир жыйыны тууралуу жазуу жүзүндөгү кабарламаны жыйын өткөрүлгөнгө чейин жети жумуш күн мурда алышы керек. Атайын же өзгөчө жыйындар учурунда кабарлама мындай жыйынга чейин үч жумуш күн мурун жиберилиши мүмкүн. Кабарлама күн тартибине байланышкан бардык керектүү документтерди тиркөө менен боло турган жыйындын күн тартибин камтууга тийиш.

27. Байкоочу кеңештин жыйындарында протокол жүргүзүлөт. Протоколдорго төрага кол коёт жана Байкоочу кеңештин бардык мүчөлөрүнө жана Фонддун Аткаруучу директоруна берилет.

28. Байкоочу кеңештин ишин уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан камсыздоо Фонд тарабынан жүргүзүлөт.



года переизбирается из числа членов Наблюдательного совета простым большинством голосов присутствующих и проголосовавших членов совета.

23. Члены Наблюдательного совета не получают заработной платы, гонораров или другой компенсации от Фонда за осуществление своей деятельности, как члена Наблюдательного совета, а также не вправе получать заработную плату, гонорары или другую компенсацию от любого другого источника за осуществление своей деятельности в Наблюдательном совете.

24. Наблюдательный совет Фонда осуществляет свою деятельность на основании настоящего Устава, а также в соответствии с действующими нормативными правовыми актами Кыргызской Республики и юридическими документами, касающимися деятельности Фонда.

25. Заседания Наблюдательного совета проводятся по мере необходимости, но не реже одного раза в полугодие. На заседаниях Наблюдательного совета председательствует председатель или, в его отсутствии, его заместитель. Секретарем на заседаниях Наблюдательного совета Фонда является исполнительный директор Фонда. Специальные заседания могут быть созваны по запросу:

1) председателя Наблюдательного совета;
2) исполнительного директора Фонда;
3) двух членов Наблюдательного совета.

Кворум Наблюдательного совета Фонда считается состоявшимся при присутствии более 50% всех членов. Если иное не предусмотрено настоящим Уставом, решения Наблюдательного совета Фонда принимаются простым большинством голосов присутствующих членов. При равенстве голосов в ходе голосования, голос председателя является решающим.

26. Все члены Наблюдательного совета Фонда должны получить письменное уведомление о любом заседании Наблюдательного совета не менее чем за семь рабочих дней до его проведения. В случае специальных или чрезвычайных заседаний, уведомление может быть направлено не менее чем за три рабочих дня до такого заседания. Уведомление должно содержать повестку дня предстоящего заседания с приложением всех необходимых документов, связанных с повесткой дня.

27. Заседания Наблюдательного совета протоколируются. Протоколы подписываются председателем и предоставляются всем членам Наблюдательного совета и исполнительному директору Фонда.

28. Организационное и материально-техническое обеспечение деятельности Наблюдательного совета предоставляется Фондом.

29. Член Наблюдательного совета Фонда не может участвовать в голосовании по вопросам, в которых он/она имеет прямую или косвенную материальную заинтересованность.

30. Член Наблюдательного совета Фонда также может выйти из его состава по инициативе представляющей его организации.

29. Фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөсү ал түздөн-түз же кыйыр түрдө материалдык кызыкдар болгон маселелер боюнча добуш берүүгө катыша албайт.

30. Фонддун Байкоочу кеңешинин мүчөсү ошондой эле курамдан аны сунуштаган уюмдун демилгеси боюнча чыга алат.

## 7. Тандоо комитети

31. Фонддун жумушчу органы болуп саналган Фонддун Тандоо комитети Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин тиешелүү буйругу менен түзүлөт жана бекитилет.

32. Тандоо комитети 5 адамдан – макулдашуу боюнча министрликтердин, ведомстволордун жана уюмдардын өкүлдөрүнөн турат.

33. Фонддун Тандоо комитетинин төрагасы болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин өкүлү саналат.

34. Фонддун Тандоо комитетинин жыйындары зарылчылыкка жараша, бирок кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт, аларда:

1) Фонддун Катчылыгы тарабынан сунушталган квалификациялоонун алдындагы тандоодон өткөн окуу жайлар жана курстар каралат, макулдашылат жана протокол менен бекитилет;

2) адистиктер, региондор, мөөнөттөр жана республиканын окуу жайлары боюнча окутууга карата комплекттелген группалар бекитилет;

3) өзүнүн компетенциясынын алкагында КӨФтүн башка иш маселелери макулдашылат жана бекитилет.

## 8. Аткаруучу директор

35. Фондду Аткаруучу директор жетектейт, ал кызмат ордуна Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан дайындалат.

36. Фонддун аткаруучу директору:

1) Фондго жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

2) Фонддун атынан ишеним катсыз иш алып барат, бардык мекемелерде жана уюмдарда анын атынан чыгат;

3) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык Фонддун кызматкерлерин кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот, аларга карата сыйлоо жана тартиптик жаза чараларын колдонот;

4) Фонддун кызматкерлеринин функционалдык милдеттерин бекитет;

5) иштеги жетишкендиктери жана демилге көрсөткөндүгү үчүн Фонддун кызматкерлерин эмгек жана социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ведомстволук сыйлыктары менен сыйлоого көрсөтөт;



## 7. Отборочный комитет

31. Отборочный комитет Фонда, являющийся рабочим органом Фонда, создается и утверждается соответствующим приказом Министерства труда и социального развития Кыргызской Республики.

32. Отборочный комитет состоит из 5 человек - представителей министерств, ведомств и организаций по согласованию.

33. Председателем Отборочного комитета Фонда является представитель Министерства труда и социального развития Кыргызской Республики.

34. Заседания Отборочного комитета Фонда проводятся по мере необходимости, но не реже одного раза в квартал, на которых:

1) рассматриваются, согласуются и протокольно утверждаются предложенные Секретариатом Фонда учебные заведения и курсы, прошедшие предквалификационный отбор;

2) утверждаются укомплектованные группы к обучению по специальностям, регионам, срокам и учебным заведениям республики;

3) согласуются и утверждаются иные рабочие вопросы ФРН в рамках своей компетенции.

## 8. Исполнительный директор

35. Фонд возглавляет Исполнительный директор, назначаемый на должность Премьер-министром Кыргызской Республики по представлению министра труда и социального развития Кыргызской Республики.

36. Исполнительный директор Фонда:

1) несет персональную ответственность за выполнение возложенных на Фонд задач и функций;

2) действует без доверенности от имени Фонда, представляет его во всех учреждениях и организациях;

3) назначает на должность и освобождает от должности сотрудников Фонда, применяет к ним меры поощрения и дисциплинарного взыскания в соответствии с Трудовым кодексом Кыргызской Республики;

4) утверждает функциональные обязанности сотрудников Фонда;

5) представляет к награждению ведомственными наградами уполномоченного государственного органа в сфере труда и социального развития сотрудников Фонда за достижения в работе и проявление инициативы;

6) представляет на утверждение министру труда и социального развития Кыргызской Республики сметы расходов Фонда;

7) распоряжается средствами и управляет имуществом Фонда в установленном порядке;

8) издает приказы и принимает решения по вопросам, отнесенным к компетенции Фонда;

9) осуществляет иные функции и полномочия по руководству деятельностью Фонда.

6) Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрине Фонддун чыгымдар сметасын бекитүүгө берет;

7) белгиленген тартипте Фонддун каражаттарын тескейт жана мүлкүн башкарат;

8) Фонддун компетенциясына тиешелүү маселелер боюнча буйруктарды чыгарат жана чечимдерди кабыл алат;

9) Фонддун ишин жетектөө боюнча башка функцияларды жана ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

## 9. Фонддун Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби

37. Фонддун Уставына өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин сунушу же болбосо жеке демилге боюнча Уюштуруучунун чечими менен киргизилет.

38. Фонддун Уставына киргизилген өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында ал мамлекеттик кайра каттоодон өткөн күндөн тартып күчүнө кирет.

## 10. Фондду кайра уюштуруу жана жоюу

39. Фондду кайра уюштуруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

40. Фонддун ишин токтотуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте ишке ашырылышы мүмкүн.

41. Фонддун иш процессинде түзүлгөн документтер "Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык колдонулат жана сакталат.



## 9. Порядок внесения изменений в Устав Фонда

37. Изменения в Устав Фонда вносятся решением Учредителя по предложению Министерства труда и социального развития Кыргызской Республики либо по собственной инициативе.

38. Изменения в Устав Фонда вступают в силу со дня их государственной перерегистрации в органах юстиции Кыргызской Республики.

## 10. Реорганизация и ликвидация Фонда

39. Реорганизация Фонда осуществляется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

40. Прекращение деятельности Фонда может быть осуществлено по решению Правительства Кыргызской Республики в порядке, предусмотренном законодательством Кыргызской Республики.

41. Документы, возникшие в процессе деятельности Фонда, используются и хранятся в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О Национальном архивном фонде Кыргызской Республики».

2-тиркеме

"

$23^4$- тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы "Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду" мекемесинин кызматкерлеринин кызматтык маянасынын өлчөмдөрү**

| № | Кызмат орундарынын аталышы | Кызматтык маянанын өлчөмдөрү (сом менен) |
|---|---|---|
| 1 | Аткаруучу директор | 23 000 |
| 2 | Эмгек рыногу боюнча адис | 22 000 |
| 3 | Окутуу боюнча адис | 22 000 |
| 4 | Каржылоо боюнча адис | 22 000 |
| 5 | Бишкек шаары боюнча координатор | 18 000 |
| 6 | Баткен облусу боюнча координатор | 18 000 |
| 7 | Жалал-Абад облусу боюнча координатор | 18 000 |
| 8 | Ысык-Көл облусу боюнча координатор | 18 000 |
| 9 | Нарын облусу боюнча координатор | 18 000 |
| 10 | Ош облусу боюнча координатор | 18 000 |
| 11 | Талас облусу боюнча координатор | 18 000 |
| 12 | Чүй облусу боюнча координатор | 18 000 |

Эскертүү:

1) ушул тиркеменин 1-4-позицияларында каралган кызматкерлердин эмгек акысын каржылоо 2022-жылдын 31-декабрына чейин Азия өнүктүрүү банкынын гранттык каражаттарынын эсебинен "Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр" долбоорунун алкагында жана андан ары 2023-жылдын 1-январынан тартып атайын каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт;

2) ушул тиркеменин 5-12-позицияларында каралган кызматкерлердин эмгек акысын каржылоо 2022-жылдын 1-январынан тартып атайын каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт.".

Приложение 2

«

Приложение $23^4$

**Размеры
должностных окладов сотрудников учреждения
«Фонд развития навыков» при Министерстве труда
и социального развития Кыргызской Республики**

| № | Наименование должностей | Размеры должностных окладов (в сомах) |
|---|---|---|
| 1 | Исполнительный директор | 23 000 |
| 2 | Специалист по рынку труда | 22 000 |
| 3 | Специалист по обучению | 22 000 |
| 4 | Специалист по финансам | 22 000 |
| 5 | Координатор по городу Бишкек | 18 000 |
| 6 | Координатор по Баткенской области | 18 000 |
| 7 | Координатор по Жалал-Абадской области | 18 000 |
| 8 | Координатор по Иссык-Кульской области | 18 000 |
| 9 | Координатор по Нарынской области | 18 000 |
| 10 | Координатор по Ошской области | 18 000 |
| 11 | Координатор по Таласской области | 18 000 |
| 12 | Координатор по Чуйской области | 18 000 |

Примечание:

1) финансирование оплаты труда сотрудникам, предусмотренным в позициях 1-4 настоящего приложения до 31 декабря 2022 года осуществляется за счет грантовых средств Азиатского банка развития в рамках проекта «Программа развития сектора: Навыки для инклюзивного роста» и далее с 1 января 2023 года за счет специальных средств;

2) финансирование оплаты труда сотрудникам, предусмотренным в позициях 5-12 настоящего приложения с 1 января 2022 года будет осуществляться за счет специальных средств.».